**2014-жылдын январь-апрель айлары ичинде акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн өзгөрүү багыты (динамикасы)**

2014-жылдын январь-апрель айлары ичинде өлкөнүн экономикалык өсүшү (УСК маалыматтары боюнча) 5,2 пайызды түзгөн (2013-жылдын январь-апрель айлары ичинде – 8,3 пайыз), «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканасын эске албаганда, реалдуу ички дүң өнүм (ИДӨ) 4,6 пайыздык өсүшкө ээ болгон.

2014-жылдын январь-апрель айларында Кыргыз Республикасында инфляция жылдык мааниде алганда 7,5 пайызды, өтүп жаткан жыл башынан бери - 4,4 пайызды түзгөн, 2013-жылдын ушул эле мезгилинде ал жылдык мааниде 7,9 пайыз, ал эми жыл башынан бери - 1,0 пайыз чегинде катталган эле.

2014-жылдын баш жагынан бери АКШ долларынын сомго карата расмий курсу 9,6 пайызга өсүү менен 53,9615 сомду түзгөн (2013-жылдын январь-апрель айлары ичинде – 1,6 пайызга өскөн).

Кароого алынып жаткан мезгил аралыгында акча базасы 4,9 пайызга кыскаруу менен 69 540,0 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь-апрель айларында – 0,3 пайызга), анын ичинде жүгүртүүдөгү акча, башка депозиттик корпорациялардын камдары (резерв) 13,2 пайызга көбөйгөн шартта, 6,6 пайызга азайган.

Апрель айынын акырына карата абал боюнча акча базасынын түзүмүн төмөнкүчө мүнөздөөгө болот:

- жүгүртүүдөгү акчалардын үлүшү 89,9 пайызды түзгөн;
- башка депозиттик корпорациялардын камдарынын үлүшү 10,1 пайыз чегинде катталган.

Башка депозиттик корпорациялардын камдарынын түзүмүндө милдеттүү камдар 8,2 пайызга көбөйүү менен 5 757,4 млн. сомду түзгөн, үстөк камдар - 44,0 пайызга көбөйүп, 1 243,9 млн. сомго жеткен (өткөн жылдын ушул эле мезгилинде милдеттүү камдар 3,8 пайызга өсүп, үстөк камдар 23,8 пайызга төмөндөгөн).

Акча базасынын кыскарышы негизинен Улуттук банктын операциялары менен шартталган, 2014-жылдын январь-апрель айлары ичинде ал акча базасын 3 812,8 млн. сомго азайткан, мында акча базасынын 214,4 млн. сомго көбөйүүсүнө Өкмөттүн операциялары салым кошкон.

Ушуну менен бирге эле Улуттук банк кароого алынган мезгил ичинде 251,6 млн. сом суммасында алтынды сатып алуу боюнча операцияларды ишке ашырган, мында кредиттик аукциондор аркылуу берилген каражаттардын көлөмү 960,0 млн. сомду, жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү – 1 548,0 млн. сомду түзгөн.

Таза чет өлкө активдери 4,4 пайызга (же 4 425,4 млн. сомго) көбөйгөн, бул эң башкысы таза эл аралык камдардын сомго карата АКШ долларынын расмий курсунун 4,6 пайызга (4 835,5 млн. сомго) өсүшүнүн эсебинен болгон, мында белгиленген курс[1] боюнча 2014-жылдын январь-апрель айлары ичинде таза эл аралык камдар 5,5 пайызга (5 629,4 млн. сомго) төмөндөгөн. Чет өлкө валютасын сатуу боюнча жүргүзүлгөн валюталык интервенциялар таза эл аралык камдардын төмөндөшүнүн негизги себебинен болгон.

Дүң эл аралык камдар 2014-жылдын январь-апрель айлары ичинде 97,5 млн. АКШ долларына азайып, 2 142,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Ички рынокто алтынды сатып алуу камдардын 4,8 млн. АКШ долларына өсүшүнө салым кошкон.

Таза ички активдер ушул мезгил ичинде 8 024,8 млн. сомго азайган. Буга чет өлкө валюталарын кайра баалоонун жана мамлекеттик башкаруу органдары алдында милдеттенмелердин 1 938,9 млн. сомго өсүшүнүн натыйжасында, ошондой эле коммерциялык банктарга карата таза талаптардын 4 098,2 млн. сомго өсүшүнөн улам (жүгүртүүдөгү ноталарды, кредит берүүнү кыскартуунун натыйжасында), капитал эсебинин 8 038,1 млн. сомго көбөйүүсү салым кошкон.

[1] 1 АКШ доллары – 47,0992 сом

## Акча топтомдорунун өзгөрүүсү

Банктардан тышкары нак акчадан жана улуттук валютадагы депозиттерден турган *М2 акча топтому* 2014-жылдын январь-апрель айлары ичинде 87 369,4 млн. сомду түзүү менен 4,0 пайызга азайган (2013-жылдын январь-апрель айларында – 1,8 пайызга көбөйгөн), бул банктардан тышкары акчалардын 5,5 пайызга кыскарып, 58 490,1 млн. сомго азайышы менен шартталган.

2014-жылдын башында улуттук валютанын 2013-жылдын декабрь айынын акырына карата 50,8 пайыздан 2014-жылдын апрель айынын акырына карата 55,3 пайызга чейин кескин нарксызданышы М2Х эсептеринде камтылуучу депозиттердин долларлаштыруу деңгээлин жогорулатууга алып келген. Улуттук валютадагы депозиттер 0,6 пайызга 28 879,2 млн. сомго чейин кыскарган шартта, чет өлкө валютасындагы депозиттер 19,5 пайызга көбөйүп, 35 774,0 млн. сомду түзгөн. Жыйынтыгында депозиттер көлөмү январь-апрель айлары ичинде 9,6 пайызга өсүп, 64 653,2 млн. сом чегинде катталган (2013-жылдын январь-апрель айларында – 8,9 пайыз).

2014-жылдын январь-апрель айлары ичинде М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы 1,9 пайызга көбөйүп, 123 143,4 млн. сомду түзгөн, бул эң башкысы, чет өлкө валютасындагы депозиттер 19,5 пайызга көбөйүп, 35 774,0 млн. сомго жетиши менен шартталган (2013-жылдын январь-апрель айларында М2Х 4,4 пайызга көбөйгөн).

Кароого алынып жаткан мезгил аралыгында экономикага кредит[2] 17,3 пайызга өсүп, 67 065,7 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь-апрель айларында – 10,6 пайызга).

М2Х акча массасынын түзүмүн төмөнкүчө чагылдырууга болот:

- банктардан тышкары нак акча үлүшү – 47,5 пайыз (01.05.2013 карата – 53,4 пайыз);
- улуттук валютадагы депозиттер үлүшү – 23,5 пайыз (01.05.2013 карата – 23,2 пайыз);
- чет өлкө валютасындагы депозиттер үлүшү – 29,1 пайыз(01.05.2013 карата – 23,3 пайыз).

2014-жылдын январь-апрель айлары ичинде банк тутумунун таза чет өлкө активдери 2 510,6 млн. сомго көбөйүп (2,4 пайызга), 108 234,3 млн. сомго жеткен.

Май айынын башына карата банк тутумунун таза ички активдери 270,6 млн. сомго кыскарып (1,8 пайызга), 14 909,0 млн. сомго жеткен.

Эсептик чен өлчөмүн аныктоо механизминин өзгөртүлүшүнөн улам, 2014-жылдын январь-апрель айларында эсептик чен жылдын баш жагындагы 4,17 пайыздан жылдын апрель айынын акырына карата 6,0 пайызга чейин жогорулатылган, бирок 2014-жылдын март айына салыштырганда мурдагы деңгээлде 6,0 пайыз чегинде калган.

Апрель айынын акырына карата жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 6,0 пайызды түзгөн.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөөчү М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча мультипликатору 2014-жылдын 1-майына карата 1,771, М2 мультипликатору – 1,256 (2013-жылдын 1-майына карата тиешелүүлүгүнө жараша 1,599 жана 1,226) чегинде катталган.

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча топтому боюнча эсептелген экономиканы монетизациялоо коэффициенти 31,6 пайызды, М2 акча топтому боюнча – 23,4 пайызды (2013-жылдын январь-апрель айларында – 30,3 жана 23,1 пайыз) түзгөн.

Коммерциялык банктардын улуттук валютадагы үстөк камдарынын орточо күндүк деңгээли 2014-жылдын январь-апрель айларында 1 791,3 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь-апрель айларында – бул көрсөткүч 3 242,2 млн. сомго барабар болгон).

## Акча жүгүртүү ылдамдыгы

Акча сунушунун экономиканын өсүшүнө салыштырганда озгон арымда өсүшүнө байланыштуу акча жүгүртүү ылдамдыгынын 2014-жылдын апрель айында төмөндөшү уланган, айдын акырында 3,2 пайызды түзгөн (М2Х боюнча).

Коммерциялык банктардын кассаларына ушул мезгил ичинде 279 740,0 млн. сом түшкөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 58 907,4 млн. сомго же 26,7 пайызга көбөйгөн, ал эми берүү көлөмү 53 356,0 млн. сомго же 23,8 пайызга көбөйүп, 277 631,1 млн. сомду түзгөн.

---

[2] Өкмөттүн жана резидент эместердин кредиттерин эске албаганда, жеке адамдардын жана юридикалык жактардын, ошондой эле башка финансы-кредит мекемелеринин кредиттери

2014-жылдын январь-апрель айларында төлөм системасында финансылык тобокелдиктер деңгээли минималдуу чекте сакталган. Жүгүртүү коэффициенти 0,45, ликвиддүүлүк коэффициенти – 2,21 түзгөн.

Көрсөткүчтөрдүн мындай катышы системада ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлин жана катышуучулар колдо болгон ликвиддүү каражаттарды натыйжалуу пайдалана албай жаткандыгын мүнөздөйт (ликвиддүү каражаттардын 50 пайызынан көбү пайдаланылбаган бойдон калууда). Бул жерде жүгүртүү коэффициентинин өзгөрүү динамикасы системанын катышуучуларынын жигердүүлүгүнө көз каранды экенин баса белгилеп кетүү зарыл.